7. Панкова Г.Д. Электронный курс к «Учебно-методическому комплексу по дисциплине «Информатика» // Интеграционные основы совершенствования системы высшего образования: Материалы междунар. научно-практ. конф., посв. 10-летию независимости Кырг. Респ., 50-летию КГНУ и 5-летию ИИМОП КГНУ. – Бишкек: ИИМОП КГНУ, 2001, с. 107-113.

8. Панкова Г.Д. Информационные технологии в экономике. Электронный учебный курс. – Бишкек: ИИМОП КГНУ, 2002, 62 Мб.

9. Панкова Г.Д. Технология интерактивного обучения в электронном учебном курсе «Информационные технологии в экономике»: Учебно-методическое пособие. – Бишкек: ИИМОП КНУ им.Ж. Баласагына, 2003, 68 с.

10. Панкова Г.Д. Организация самостоятельной работы студентов на основе информационных и коммуникационных технологий / Под ред. В.Л. Кима. – Бишкек: ОсОО ПТФ «Квант», 2004, 128 с.: ил. – библиогр.: с. 112-127.

11. Шаповалова Э.Б., Панкова Г.Д. Опыт самостоятельной работы студентов по информационным ресурсам мультимедиа библиотеки // Актуальные проблемы развития академического качества высшего образования: Доклады на учебно-академическом семинаре. – Вестник КГНУ: Специальная серия. – Педагогические науки. Педагогика высшей школы. Образовательные технологии. – Бишкек: КГНУ, 2002, с. 137-149.

12. Полат Е.С. Теория и практика дистанционного обучения // Информатика и образование, 2001, № 5, с. 37-42.

УДК 371. 15 (575.2) (04)
DOI 10.58649/1694-8033-2024-1(117)-71-79

**Абдыкадырова Г.К.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Абдыкадырова Г.К.**
КНУ им. Ж. Баласагына
**Abdukadurova G.K.**
KNU J. Balasagyn

# ЭПОСТОРДУ ОКУТУУНУН ПРИНЦИПТЕРИ, МЕТОДДОРУ ЖАНА ЫКМАЛАРЫ
# ПРИНЦИПЫ И МЕТОДЫ ПРЕПОДАВАНИЯ ЭПОСОВ
# PRINCIPLES AND METHODS IN TRAINING EPOSES

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада эпосторду окутуунун принциптери жана ыкмалары каралат. Эпосторду окутууда мүнөздүү кемчиликтер келтирилген. Көркөм чыгармада сюжетти изилдөө ыкмалары "Эр Төштүк" эпосунун негизги туруктуу сюжетинин мисалында каралат. Көркөм чыгармадагы композиция жана анын компоненттери, көркөм каражаттарды изилдөө методикасы – "Эр Табылды"эпосунун мисалында.

**Аннотация:** В статье рассматривается принципы и методы обучения эпосов. Приводятся типичные недостатки в преподавании эпосов. Методы изучения сюжета в художественном произведении рассматриваются на примере основного устойчивого сюжета

эпоса "Эр Тоштук". Композиция и её компоненты в художественном произведении, методика изучения художественных средств – на примере эпоса "Эр Табылды".

**Abstract:** The article discusses the principles and methods of teaching epics. Typical shortcomings in training and poepodavanii epics. The plot in fiction. Learning and teaching sustainable basic plot of the epic "Er Toshtuk". The composition and its components in the artwork. Methods of teaching art means for example epos "Er Tabyldy".

**Негизги сөздөр:** эпос; миф; гипербола; аллитерация; ассонанс; фабулалык деңгээл; аналитикалык деңгээл; эстетикалык деңгээл; жар чакыруу; жомок; оозеки ипровизацияланган кеп.

**Ключевые слова:** эпос; миф; гипербола; аллитерация; ассонанс; фабульный уровень; аналитический уровень; эстетический уровень; оповещать клик; сказка; устная импровизированная речь.

**Keywords:** the epic; myth; hyperbole; alliteration; assonance; fable level; analytical level; aesthetic level; notify click; fairy tale; oral improvised speech.

Эпикалык чыгармаларды окутууда мугалим менен окуучунун ишмердүүлүгү сюжет жана композиция түшүнүктөрүн үйрөнүү технологияларына багытталууга тийиш.

«Технология» түшүнүгү педагогикада үч түрдүү деңгээлде колдонулат: жалпы педагогикалык, жеке методикалык, элементтик (модулдук). Адабиятты окутуу технологиясынын структурасы төмөнкүдөй: концептуалдык негиз, мазмундук бөлүк, процессуалдык бөлүк (окуу ишмердүүлүгүнүн технологиялык процесси же методдору жана формалары). Методдор билимдин булагына байланыштуу болот: сөздүк методдор (мугалимдин аңгемеси, баяндоолор); практикалык методдор (окуу китептери, окуу колдонмолору, хрестоматиялар, адабий изилдөөлөр менен иштөө) көрсөтмөлүү методдор (экскурсия, театр-сабак, кино-сабак, теле-сабак ж.б.) Окутуунун методдору билим алуунун формалары (лекция, аңгемелешүү, өз алдынча иштөө) менен байланышат. Алар болсо мугалим менен окуучунун материалды өздөштүрүүдөгү ишмердүүлүгүнө көз каранды: чыгармачылык окуу, эвристикалык, изилдөөчүлүк, репродуктивдүүлүк. Орус адабиятын окутуу методикасында адабияты окутуу методдору төмөнкүдөй классификацияланат.

В.В. Голубков: лекция, адабий аңгемелешүү, өз алдынча иштөө; В.А.Никольский: эмоционалдык-образдык жактан чыгармаларды өздөштүрүүчү методдор; чыгарманы талдап-талкуулоочу методдор. Г.Н. Ионин: көркөм интерпретациялоо методу; сынчыл-публицистикалык метод; адабий изилдөөчүлүк методу.

Мына ушул технологияларды колдонуп «Эр Төштүк» жана «Эр Табылды» эпосторунун сюжетин жана композициясын талдап чыгабыз. Сюжетсиз эпикалык чыгарманы өздөштүрүү мүмкүн эмес. Окуучулар адатта, чыгарманын сюжетин өздөштүрөт. Бирок биздин алдын ала эксперимент жүргүзүүбүз бул багытта төмөнкүдөй кемчилдиктер бар экендигин көрсөттү.

- чыгарманын мазмунун, окуялар системасын үстүртөн өздөштүрүү;
- сюжеттик сызыктын ырааттуулугун дайым эле сактай бербөө;
- адабияттаануу материалдарына таянбагандык.

Окуучулар биле турган нерсе – ар бир эпосто туруктуу сюжеттин болушу, ал эми ар түрдүү варианттарда алар өзгөрө берет, алымча-кошумчалар болот. Окуучулар VI класстын адабият окуу китебинде [1] берилген «Төштүктүн жер астына түшүп кеткени», «Төштүктүн

жейрен секиртпес Маамытка жолукканы», «Төштүктүн жер тыңшаар Маамытка жолукканы», «Төштүктүн куюн көтөн Маамытка жолугуп, жолдош кылганы», «Төштүктүн көрөгөч Маамытка жолугуп, жолдош болгону», «Төштүктүн жолборс менен достошкону», «Төштүктүн аюуга жолукканы», «Кумурскага жолугуп, жолдош болгону» деген темаларда эпостун сюжети менен аздыр-көптүр таанышат. Бирок жогорудагы темалардын ичинде тексттер өтө эле кыска берилген, негизги ой үзүлүп калган учурлар бар. Андыктан окуучулар эпостун негизги сюжеттик канвасын билүүлөрү керек.

- «Эр Төштүк» эпосунун негизги туруктуу сюжети;
- Элемандын тогуз уулу, аларга кыз издеп чыгуу;
- Желмогуз кемпирдин Элеманга жолукканы;
- Элеман журтта калган экөөсүнө Төштүктү жибергени;
- Төштүктүн Чалкуйрук аты менен Желмогуз кемпирдин алдынан эгөөнү алып качканы жана Желмогуз кемпирдин куушу;
- Төштүктүн жейрен секиртпес Маамытка жолугушу;
- Төштүктүн жер тыңшаар Маамытка жолугушу;
- Төштүктүн куюн көтөн Маамытка жолугушу;
- Төштүктүн көрөгөч көз Маамытка жолугушу;
- Төштүктүн аюуга жолугушу;
- Төштүктүн кумурскага жолугушу;
- Төштүктүн Көк дөөнүн кызы Күлайымга жолукканы жана ага үйлөнгөнү;
- Көк дөөнүн сынына Төштүктүн кабылган окуялары;
- Төштүктүн Желмогуз кемпирдин уулу Кара дөө менен кармашы, аны жеңиши Конокбайды кан кылышы;
- Төштүктүн алп кара куш менен болгон окуялары;
- Төштүктүн жер үстүнө чыгышы.

Мына ушул сюжеттик линияны өздөштүрүү менен гана эпостун сюжетин өздөштүрүү ишке ашырылды деп айтылат.

Демек, биринчи методикалык сунушубуз – окуучулар эпосту толук окуп жана мугалимдин кыска баяндоосу менен чыгарманын туруктуу сюжетин билип чыгуу керек.

Экинчи маселе сюжет деген эмне, композиция деген эмне экендигин мугалим адабият таануу материалдарынын негизинде өзү өздөштүрүп чыгышы керек. Методикада [2] мындай мисалдар алынып, таблицалар толтурулган, аны мугалим колдонууга мүмкүнчүлүгү бар.

**Көркөм чыгармадагы сюжет**

**Сюжет**

Адабий чыгармада кыймыл-аракеттин мазмунун түзүүчү окуялардын системасы, кеңири алганда окуяларды конкреттүү жүрүшүндө чагылдырган мүнөздөрдүн тарыхы [3].

Адамдардын өз ара алакалары, алардын араларындагы карама-каршылыктар, бири-бирин жактыруу же жактырбоолору – жалпысынан кишилер ортосундагы мамилелер, бул же тигил мүнөздүн, типтин тарыхы, өсүп, калыптанып барышы [4; 5].

Конкреттүү мүнөздөрдүн өз ара мамилелерин жана карым-катыштарын ачып берген чыгармадагы окуялардын конкреттүү системасы [6].

**Көркөм чыгармадагы композиция**

**Композиция**

Көркөм чыгарманын түзүлүшү [7].

Чыгармада көрсөтүлгөн образдарды уюштуруунун белгилүү системасын ачып берүүнүн, турмуш процессин мүнөздөөнүн, алардын байланышы жана мамилесин көрсөтүүнүн каражаты, көркөм чыгарманын түзүлүшү.

Чыгарманын курулушу, бардык бөлүктөрдүн образдарынын өз ара байланышы, бир бүтүндүккө биригиши [8; 9].

**Көркөм чыгармадагы сюжет жана анын элементтери**

**Сюжет жана анын элементтери**

экспозиция

окуянын түйүндөлүшү (завязка)

окуянын өнүгүшү

кульминация

окуянын чечилиши (развязка)

пролог

эпилог

**Көркөм чыгармадагы композиция жана анын элементтери**

**Композиция жана анын элементтери**

Автордук баяндоо; диалог; монолог; лирикалык чегинүү; портрет; пейзаж; интерьер; метр; ритмика; уйкаштык; интонация ж.б.

Жогорудагы адабий-теориялык түшүнүктөр элдик кенже эпосторду үйрөнүү процессинде кандайча ишке ашат? Мисалы, «Эр Төштүк» эпосунун сюжетин талдоодо мугалим менен окуучулар сюжеттин элементтерин төмөнкүдөй тартипте талдап барат.

«Эр Төштүк» эпосунун экспозициясы. Бул термин кыргызча «түшүндүрүү» дегенди билдирет. Анда каармандар тууралуу алгачкы маалыматтар тууралуу кабар берилет, окуя өтө турган жай баяндалат. Элеман, ал жөнүндө маалыматтар, анын тогуз уулу, аларга кыз издөө – эпостун экспозициясы.

Окуянын түйүндөлүшү (завязка), же окуянын чиелениши. Жүрүп жаткан окуянын андан ары көздөй өнүгүшү үчүн белгилүү бир жагдайдын же болбосо кандайдыр бир кырдаалдын болуусу шарт, ансыз сюжет өнүкпөйт. Элеман уулу Төштүктү эгөөгө жиберип, ал жерден Желмогуз кемпирге учурашы, Желмогуз кемпирдин аны кууп жөнөшү менен эпостогу окуянын андан ары өнүгүшүн аныктаган чиелениши болуп эсептелет. Бул жерде алгачкы карама-каршылык башталат, түйүн түйүлөт.

Окуянын өнүгүшү карама-каршылык башталгандан кийин окуянын, каармандын иш-аракеттеринин андан аркы кыймылы. Желмогуз кемпир Төштүктү кууп, анын жер астына түшүшү, ал жактагы Маамыттарга жолугушуусу, дагы башка окуялары окуянын өнүгүшү болот.

Эпостун сюжетинин кульминация Төштүктүн Кара дөө, Алп кара куш менен болгон конфликттери.

Окуянын чечилиши (развязка) бул Эр Төштүктүн бардык душмандарды жеңип, кайрадан жер бетине чыгышы, трууган уругу, жары менен учурашуулары. Мында окуя бүтөт, мүнөздөр күрөшү токтойт, конфликт чечилет.

Эми бир «Эр Табылды» эпосунун көркөм сөз каражаттары боюнча бир сабактын болжолдуу жүрүшүн карап көрөлү.

**Сабактын темасы:** «Эр Табылды» эпосунун көркөм сөз каражаттары

Колдонула турган жаңычыл ыкмалар: Топ менен иштөө ыкмасы.

Түзүлгөн программанын өзөктүү бөлүмү: Элдик эпостор

**Сабактын максаты:**

а) окуучулар «Эр Табылды» эпосунун көркөм сөз каражаттарын талдашат.

б) бул жерде окуучулар топ менен иштөөгө, логикалык кенен ой жүгүртүүлөрүн ошондой эле эске тутууларын калыптандырууга көнүгүшөт.

в) окуучулар тилдик, адабий-теориялык, коммуникативдик, этномаданий, социомаданий компетенттүүлүктөрүн калыптайт.

Колдонулуучу каражаттар: Ар бир топко бирден А-4 формасындагы кагаз, эки түстүү маркер, окуу китеби, скотч, ватман, калем, карточкалар, буклеттер, сүрөттөр ж.б.

Иш кадамдары: Окуучулар топто иштөө эрежелерин кабыл алышат. Анын эреже-нормалары:

- баштоочунун аракетине ылайык иш жүргүзүү;
- команданы угуу;
- топто айтылган ар бир ой баалуу;
- өздөштүрө албаган окуучуларга жардам берүү;
- «бирөө – баары, баары – бирөө үчүн» деген принцип ж.б.

**1-кадам:** Окуучулар 1ден 4кө чейин саноо менен үч топко бөлүнөт.

**2-кадам:** Бул жерде чынжырча оюнун ойнойбуз (Биринчи топ Эр Табылдыны ал эми экинчи топ Чалкалмакты, үчүнчү топ Чалкуйрукту, төртүнчү топ Карлыгачты мүнөздөгөн саптарды көркөм айтышат).

**3-кадам:** Топторго мугалим тарабынан текст таратылат («Эр Табылды» эпосунун үзүндүлөрү).

**4-кадам:** Окуучулар тексттерди окуп чыгышат жана 1-топ салыштырууларды, 2-топ метафораларды, 3-топ эпитеттерди, 4-топ гиперболалардын эрежелерин мүнөздөшөт жана тексттер мисалдар табышат, аларды ватманга жазат.

Топтор жогоруда толтурган таблицаларды презентациялашат.

**5-кадам:** Үч мүнөттүк тыныгуу (Мында «Эр Табылды» эпосун айтуучулардын аткаруусунда угушат. Музыкалуулугуна, ыргактарына, сөздөргө өзгөчө көңүл бурушат)

**6-кадам:** «Кара-Камандагы кармаш» деген темада жат жазуу. Тексти менен окуучулар окуу китебинен таанышып чыгат. Доскага сүйлөмдөр (ыр саптары) жазылат).

«Эр Табылды» эпосундагы троптун түрлөрү боюнча окуучулардын изилдөөлөрү

| | | |
|---|---|---|
| 1-топ:<br>салыштыруулар | САЛЫШТЫРУУ – троптун речте (ар кандай түрүндө) колдонула берүүчү жөнөкөй түрү.<br>Кандайдыр бир нерсени, көрүнүштү толук жана конкреттүү көрсөтүп берүү үчүн биз аны башка нерсе, көрүнүш менен окшоштурабыз, алардын жалпы белгилерин, окшош жактарын көрө билип, салыштырабыз. | тоодой болгон Чалкалмак;<br>каргадай болгон медерим;<br>Тойго барчу эмедей,<br>Тамашага батышып.<br><br>Калмакка жетип беттешип,<br>Кабыландай тийишип.<br><br>Ак жолборстой айкырып,<br>Кабыландай бакырып.<br><br>Уй түгүндөй көп калмак. |

| | | |
|---|---|---|
| | Салыштыруу негизги төрт элементтин катышынан куралат: 1) окшогон нерсе;<br>2) окшотулган нерсе;<br>3) окшош белги;<br>4) окшоштукка кошумча каражаттар (-дай, -ча мүчөлөрү, сыяктуу, сыңары, окшош, түстүү, бетер, куду, өңдүү деген кошумча кызматчы сөздөр) [10; 11]. | Арчатору жаныбар,<br>Эликтей болуп жүгүрүп.<br><br>Жардай болгон калмакты,<br>Жагалмайдай качырып. |
| 2-топ:<br><br>метафора | МЕТАФОРА (гр. – өтүп кетүү) – троптун негизги түрлөрүнүн бири; бир нерсени, көрүнүштү башка бир окшош же жакын нерсе көрүнүш менен атоо._Метафора оозеки жана жазуу речинде эң эле коп учурайт. Шарт боюнча салыштырууга да окшош. Салыштырууда белгилери бар бир нерсе башка бир нерселерге салыштырылып, ал экөөнүн тең касиеттери бирдей даражага ээ болуп турса, метафорада биринчи нерсе такыр жоголуп, анын экинчи нерсеге өткөн белгиси гана калат {12} | кызыл канга боёлуу;<br>өзөн чалуу;<br>өлүк бала;<br>торкодон кылган көйнөк;<br>таманы жерге так этүү;<br>сурмалуу көздөн жаш агуу;<br>суксурдай баштан тер агуу;<br>алма башты кесүү;<br>макмалдан кылган дорбо;<br>солкулдап жаш төгүү;<br>жылас кылып салуу;<br>көз кычыгын чукулоо;<br>жолдошун муштап нукулоо;<br>караан болуу;<br>эки көзүн жаш кылуу;<br>тула боюн тер кылуу |
| 3-топ:<br><br>эпиттер | ЭПИТЕТ (гр. – түшүндүрүү) - троптун нерсенин, окуянын, кубулуштун мүнөздүү бөтөнчөлүктөрүн көрсөтүп берүүчү түрү. Мындай сөздөр (эпитеттер) буюмдун же окуя-кубулуштун сапатын, тек-жаатын, башкалардан айырмалуу кесиетин индивидуалдаштырат, речти көркөмдөөгө жардам берет. Эпитеттер сөзсүз түрдө кайсы бир сөздү же сөз айкашын жандап келет. {13} | туйгун эл;<br>чоюн баш;<br>ак барақ;<br>аяк басуу;<br>төш таянуу;<br>жаңы жол;<br>бийик ашуу;<br>ашкере баатыр;<br>Эр Табылды;<br>Хан Табылды;<br>калың кара жылкы;<br>алп уйку;<br>май куйрук. |
| 4-топ: | ГИПЕРБОЛА (гр. – апыртма сүрөттөө) – көркөм адабиятта өзгөчө фольклордо | Тура албай жашын сел кылып, |

| | | |
|---|---|---|
| гипербола | предметти, чыгарманын каарманын адаттан тышкары ашыра сүрөттө. Гипербола салыштыруунун аябай апыртылган түрү. Бул көбүнчө фольклордук чыгармаларда кездешет. Кыргыз оозеки адабиятынын баатырдык жана турмуштук эпосторунда арбын. Элдик баатырлардын эрдиги, баатырдыгын укмуштуу, кереметтүү сүрөттөп, анын мүнөзүн тереңдетүү, күчөтүү максатын көздөйт {14} | Кырк жигит ыйлап буркурап.<br>Арчатору буудандын,<br>Даңканы көккө зыркырап.<br><br>Жетип келди бир паста,<br>Аткан октой зыркырап.<br><br>Ар кимиси аңданып,<br>Ажыдаардай болушуп.<br>Суудан түтүн бурулдайт.<br>Муруту типтик сайылып.<br>Суунун чети кан агып,<br>Сулдуйган канча жан агып.<br>Өйүз-бүйүз жээктен,<br>Өзүнчө далай мал агып. |

**Доскага илинет:**

Элге салат кулагын
Алмамбет баатыр келчи деп,
Жалгызга жардам берчи деп.
Карт бөрү кайда болду деп
Кечүү жакты караса,
Келе жатат тамаша.
Чалкалмак менен Табылды,
Суу үстүндө таанышып,
Темтеңдешип агышып ж.б.

**Топторго таркатылат.**

Саадактай буурул сакалын,
Үйдөй болгон кара таш,
Сайышып сууну кечишкен
Токсондо чалды далдайтып,
Ашыгып мылтык атыппмын,
Карган чалды эңе албай,
Оюн-чындан кырк жигит,
Чалкалмак көздөй бурамын ж.б.

**7-кадам:** Кайсы топ тексттер троптун түрлөрүн арбын тапса, аларга арнап алакан чабышат.

**8-кадам:** Топтон тапкан троптун түрлөрүн жалпы класска окуп, презентациялашат.

Жалпы класс жогорку троптун түрлөрүн анализдешет, каталарын текшеришет, толукташат, кошумчалашат.

Окуучунун жетишкендиги:

а) Окуучулар окуган чыгармаларын эсте сактап калып кагаз бетине сабаттуу түшүрүүгө жетишет.

б) Топ менен биргелешип иштөөгө машыгышат.

Сабакты бышыктоо:

Мугалимдин столунан ар бир топ тапшырма алат.

**I топ – Кластер «Табылды».**

1. Эр, баатыр.
2. Балбан, кайраттуу, коркпос.
3. Мекенчил.
4. Шамдагай, эпчил.

**II топ – Синквей «Чалкалмак».**

1. Баскынчы.
2. Талоончул.
3. Балбан.
4. Шамдагай, амалкөй.

**III топ – Долбоор «Эр Табылды»** эпосундагы көркөм сөз каражаттары.

Окуучулардын эпостун негизинде тарткан сүрөтү тиркелет жана алар талдоо учуруда колдонулат.

Карточкалар таркатылат (Төмөнкү суроолор камтылат):

1) Эр Табылдыны салыштырган көргөм сөз каражаттары.

2) Эмне үчүн элдик эпостордо гипербола көп колдонулат? Гиперболанын карама-каршысы литота. Тексттен литоталарды тапкыла.

3) Эр Табылды менен Чалкалмактын эпитеттерин таап, таблица түрүндө ар бирин жазып чыкыла?

4) Кардыгачты мүнөздөгөн ыр саптарын таап окуп бергиле?

5) Арчаторуну сүрөттөө үчүн кандай сөздөр жана сөз айкаштары пайдаланылды? ж.б.

Ошентип биз «Эр Төштүк» жана «Эр Табылды» эпосторун адабий-теориялык талдоонун мазмунун жана технологияларын көрсөтүү менен ал эпосторду окутууда көңүл бурулуучу методикалык ыкмалар жалпы эле эпикалык чыгармаларды окууда колдонулган методдор менен байланышарын далилдедик. Алар төмөнкүлөр:

- эпостун тексттерин толук окуу;
- башкы каармандын окуянын жүрүшүндөгү кыймыл-аракетине байкоо салып баруу;
- образдардын эволюциялык иш-аракетин талдоо жана ага баа берүү;
- үзүндүлөрдү сахналаштыруу;
- текстти ролдоштуруп окуу;
- тексттин негизинде жөнөкөй жана татаал план түзүү;
- чыгармадагы диалогдорду, монологдорду талдоо;
- тексттеги адам мүнөзүн ачып көрсөткөн баяндоолорду табуу;
- башка каарман менен каршы күрөшкөн душмандардын образын ачкан сүрөттөөлөр менен иштөө;
- жаныбарларды сүрөттөгөн эпизоддорду талдоо;
- пейзаждык сүрөттөөлөрдү байкоо;
- окуучуларга чыгарманын сюжетин айтып берүү жана аны кайра айттыруу;
- тексттин негизинде жазуу иштерин жүргүзүү.
- «Эр Төштүк» эпосун ушул эле эпостун негизинде жазылган Ж.Садыковдун «Эр Төштүк» пьесасынын негизинде коюлган спектаклдин диски жана мультфильм менен таанышуу, аларды салыштыруу ж.б.

Алдыңкы мугалимдердин иш тажрыйбаларын талдаганда, «Эр Төштүк» жана «Эр Табылды» эпосун окутууда негизинен төмөнкүдөй адабий-теориялык түшүнүктөрдү окутуу процессинде колдонушат: эпос; баатырдык эпос; мифологиялык эпос; сюжет жана композиция; мазмун жана форма; идея жана тема; каарман; образ; айтуучу; жомок; жомокчу; антитеза; аллегория; архаизм; арман; нуска сөз; варваризм; вариант; гипербола; литота; драматизм; сюжеттин элементтери; идеал; импровизация; интонация; ирония; калп; керээз; классика; конфликт; кошок; коштошуу; лаконизм; легенда; лейтмотив; лексика; либеретто; макал; метафора; метафоралык эпитет; метонимия; миф; мифологиялык образ; мотив; мүнөз; мүнөздөмө; муун; омоним; оюн ырлары; өлбөс образ; параллелизм; пауза; пафос; пейзаж; персонификация; портрет; поэма; поэтика; психологизм; редиф; референ; ритм; ритмдик бирдик; риторикалык суроо; риторикалык кайрылуу; рифма; романтика; салыштыруу; сарказм; санат-насыят; сатира; серия; символ; синкретизм; синоним; дастан; стиль; табу; табышмак; тавтология; тарыхый сөздөр; ташымал; текстология; терме; типтүү образ; типологиялык байланыш; той ырлары; тон; тотемизм; трагедия; трагикалык образ; традиция; траферет; трилогия; троп жана анын түрлөрү; уламыш; утопия; учкул сөздөр; учурашуу ырлары; үйлөнүү-салт ырлары; фольклор; фольклористика; фольклордун түрлөрү жана жанрлары; фольклор жыйноо; цикл (түрмөк); чечен сөздөр; шарттуулук; шедевр; ылакап; ырым-дарым ырлары; эвфемизм; элдүүлүк; элегия; эллипсис; эпизод; эпилог; эпикалык тек; эстетика; юмор ж.б.

## Колдонулган адабияттар


1. Сманбаев А., Ишекеев Н. Кыргыз адабияты. Орто мектептин 6-классы үчүн хрестоматия окуу-китеби. 3-бас., 2003, 185-б.
2. Муратов А. Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана практикасы. – Бишкек: «Турар», 2013, 554-б.
3. Словарь литературоведческих терминов / Ред.-сост.: Л.И.Тимофеев, С.В.Тураев. – Москва: Просвещение, 1974, 393 с.
4. Горький М. Собр. соч. в 30 томах. Т.27. – Москва, 1953, 215 с.
5. Оторбаев Б.К. «Сейтек» эпосун VIII класста окутуу. – Бишкек, 2004, 96-б.
6. Кыргыз тили жана адабияттык окуунун программалары: Жети жылдык жана орто мектептердин 5-7-класстары үчүн. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1949, 21-27-бб.
7. Абрамович Г.П. Введение в литературоведение. Москва: Просвещение, 1975, 729с.
8. Адабият терминдеринин түшүндүрмө сөздүгү / Түз: Ж.Шериев, А.Муратов. – Фрунзе: Мектеп, 1987, 120-б.
9. Ананьев Б.Г. Психология педагогической оценки. Избранные психологические труды. – Москва: Педагогика, 1980, 267 с.
10. Кыргыз адабияты (терминдердин түшүндүрмө сөздүгү) / Түз: Ж.Шериев, А.Муратов. – Бишкек, 2004, 204-б.
11. Волков Г.Н. Этнопедагогика. – Москва: ACADEMA, 2000. – 176 с.
12. Байгазиев С. Цивилизация жана Ата журт тагдыры. – Бишкек: Гүлчынар, 2008, 798-б.
13. Кайыпов С. Жылга бергис жарым күн: Илимий-популярдык китеп. – Бишкек: Учкун, 2006, 220-б.
14. Алимбеков А. Кыргыз элинин билим берүү салттары. – Бишкек: Алтын тамыр, 2001, 42-б.